Бекитемин

Мектеп директору

Омуралиева Р.М.

## Окууда жетишпеген балдар менен иштөө жобосу

Максаты:

1. Окуучулардын билим алуу деңгээлин көтөрүү.
2. Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу.
3. Ата- энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин артыруу;
4. Окуучулардын сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалдарын өздөштүрө албоосунун жана ордуна калып калуусунун алдын алуу.
5. Предметтен окуу материалдарын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

✓ **Начар оздөштүргөн окуучулар менен иштөө боюнча негизги багыттар:**

- Окуучунун окууда жетише албагандыгынын себебин аныктоо;
- Начар өздөштүргөн окуучуну сабактан жетишүүсүнө комплекстүү иштерди жүргүзүү, сабактан тышкары учурда иштөө, ата-энеси менен сүйлошүү , сабак учурунда иштөө;
- Класстан тышкаркы иш чараларга тартуу;
- Коомлук иштерге катыштыруу ж.б.

Окуучунун окууда начарлоосунун себеби ар кандай болушу мүмкүн. Ар бир эле окуучу жакшы окуганды каалайт деп ойлойм. Кээ бир учурларда сабактардан эки алып калган учурларда бала сабакка болгон кызыгы тарап, кээде ал сабакка да катышпай койгон кездер болот. Жыйынтыгында тартиби да начарлайт. Сабактан начар окуган бала өзүндөй болгон башка дагы бир начар окуган бала менен достошот, себеби жакшы окуган окуучунун жанында ал өзүн ылдый сезиши мүмкүн. Окууда жетишпөө бул окуучунун окуу программасын канаттандыраарлык денгээлде өздөштүрө албоосу.

**Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө.**

**Сабактын этаптары:**

1.Өтүлгөн материалдарды кайталоо учурунда окууга сабакта дифференцирленген суроолорду берүү менен окууга болгон кызыгуусун арттыруу туура жооп берген учурда аны мактоо.

2. Жаңы теманы түшунүүсү үчүн жөнөкөйлөтүлгөн мисалдар, тажрыйбалар аркылуу түшундүрүү.

3. Бышыктоо учурунда берилүүчү тапшырманы жөнөкөйлөтүп берүү.

4. Өз алдынча иштөөдө атайын карточкаларды дайындап келип, окуучунун денгээлине жараша тапшырмаларды берүү.

5. Окуучунун билимин обьективдүү баалоо.

6. Окуучуга индивидуалдык тапшырмаларды берүү

**Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө.**

1. Окуучунун аты жөнү
2. Класс
3. Кайсы предметтен жетише албайт.
4. Окуучунун иш тартиби
5. Окуучунун начар окуусунун себептери:

____________________________________________________________

6. Окуучу менен кандай иштер аткарылды:

____________________________________________________________

____________________________________________________________

-___________________________________________________________

Иштин жыйынтыгы :__________________________________________

___________________________________________________________

**Начар өздоштүргөн окуучулар менен иштөө класс жетекчинин милдеттери:**

Класс жетекчи класстагы окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныкташ керек. Ал үчүн жекече аңгемелешип, мектептин психологуна кайрылып, ата-энеси менен аңгемелешип ар кандай иш аракеттерди аткаруу менен себебин аныкташы керек.

**Баланын сабактан жетише албай начар өдөштүргөндүгүн аныктоо:**

Сабакты көп калтыруу.

Үйдөн тапшырмаларды аткарууда ата-эне тарабынан контролдун жоктугу;

Жөндөмсүздүгү

Окууга болгон каалоосунун жоктугу;

Тапшырманын көлөмунун өтө көптүгү;

Окуу материалдарынын кыйндыгы;

Ден соолугун начарлашы;